# БАЙЛАНЫШТУУ КЕПТИ ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

**БИЙГЕЛДИЕВА Н.А.**

Байланыштуу кепти окутууну мамлекеттик стандартта аныкталган негизде, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга шайкеш окутууда али да көптөгөн илимий-методикалык маселелер чечилбей келе жаткандыгын танууга болбойт деген пикирди Нарын регионунун мектептеринин кыргыз тили мугалимдеринен алынган анкеталык сурамжылоонун жооптору аркылуу тастыктадык.

Ал Нарын районунун жана Нарын шаарынын мектептеринде жүргүзүлдү.

Нарын районундагы мектептердин 42%ы жана жалпы кыргыз тилчи мугалимдеринин 50,6%га чейинки саны камтылды. Ал эми Нарын шаарынын 87,5% мектептеринин кыргыз тилчи мугалимдеринин 88,4%ы катышты.

Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 5-9-класстары үчүн түзүлгөн кыргыз тилин окутуунун программасында "Байланыштуу кеп" бөлүмүнө бөлүнгөн сааттарга жана темаларга анализ жүргүзүү максатында анкетага төмөндөгүдөй биринчи суроо киргизилди:

1. Кыргыз тилин окутуунун программасында байланыштуу кепти үйрөтүүгө бөлүнгөн сааттарга жана темаларга карата сиздин оюңуз:

а) жетиштүү эмес, темалар толук өздөштүрүлбөй калып жатат;

б) жетиштүү, кошумча саат бөлүүнүн кереги жок;

в) айрым темаларга кошумча саат бөлүү керек;

г) программага эч өзгөртүүнүн кереги жок.

Сурамжылоонун жыйынтыгы 2-диаграммада көрсөтүлгөн.




**Кыскартуулар:**

**А -** жетиштүү эмес, темалар толук өздөштүрүлбөй калып жатат;

**Б -** жетиштүү, кошумча саат бөлүүнүн кереги жок;

**В -** айрым темаларга кошумча саат бөлүү керек;

**Г -** программага эч өзгөртүүнүн кереги жок.

Анкеталык суроого катышкан мугалимдердин көпчүлүгү, тактап айтканда, 44%ы программадагы бөлүнгөн сааттар жетишсиз, темалар толук өздөштүрүлбөй калып жатат деп эсептешет. Ал эми айрым темаларга кошумча саат бөлүү керек дегендер – 18,7%ды, жетиштүү, кошумча саат бөлүштүн кереги жок – 18,2%ды, программага эч өзгөртүүнүн кереги жок деп эсептеген мугалимдер – 9,1%ды түздү.

Жыйынтыгында, окуу программасынын байланыштуу кепке тиешелүү бөлүмүн коомчулуктун, айрыкча практик-мугалимдердин кеңири катмарын тартуу менен ар тараптуу талкуудан өткөрүүнүн зарылдыгы бар деп эсептейбиз.

Анкетанын экинчи суроосу төмөндөгүдөй болду:

2. Байланыштуу кепти окутууга бөлүнгөн сааттарды кыскартуу керек деген көз карашка сиздин пикириңиз.

а) кыскартууга каршымын, сааттар абдан туура бөлүштүрүлгөн;

б) кайсы бир өлчөмдө кыскартуу керек;

в) кыскартуунун кереги жок, тескерисинче кошумча саат бөлүү керек;

г) бөлүнгөн сааттар мени канааттандырат.

Анкеталык суроонун жыйынтыгы 3-диаграммада чагылдырылды.




**Кыскартуулар:**

**А** – кыскартууга каршымын, сааттар абдан туура бөлүштүрүлгөн;

**Б** – кайсы бир өлчөмдө кыскартуу керек;

**В** – кыскартуунун кереги жок, тескерисинче кошумча саат бөлүү керек;

**Г** – бөлүнгөн сааттар мени канааттандырат.

Анкетанын жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, азыркы учурда сааттардын бөлүнүшү абдан туура деп эсептешкен кыргыз тилчи мугалимдердин саны аз. Алар жалпысынан 10,7%ды гана түздү. Ошол эле учурда кыскартуунун кереги жок, тескерисинче кошумча саат берүү керек деп эсептеген мугалимдердин саны 59,8%ды түздү. Ал эми кайсы бир өлчөмдө кыскартуу керек дегендер 11%, бөлүнгөн сааттар мени канааттандырат деп эсептегендер 18,5% болду.

Демек, байланыштуу кепке бөлүнгөн сааттардын көлөмүн мүмкүн болушунча дагы көбөйтүүнү сунуш кылар элек.

Мугалимдердин мектептеги байланыштуу кепти окутуунун абалы жөнүндөгү ойлорун, сунуштарын, пикирлерин билүү максатында жүргүзүлгөн анкетанын үчүнчү суроосу төмөндөгүдөй болду:

3. Байланыштуу кепти окутуу аркылуу окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн канткенде өркүндөтүүгө болот? Бул тууралуу сиздин оюңуз?

а) алынган теориялык материалдарды практикада айкалыштырса;

б) окуу куралдары жакшыртылса;

в) байланыштуу кептин теориядагы жана практикадагы абалы терең изилденип, аны жакшыртуунун ык-жолдору иштелип чыкса;

г) теориялык негизде терең иликтенсе.

Анкеталык сурамжылоонун жыйынтыгы 4-диаграммада көрсөтүлгөн.




**Кыскартуулар:**

**А** – алынган теориялык материалдарды практикада айкалыштырса;

**Б** – окуу куралдары жакшыртырылса;

**В** – байланыштуу кептин теориядагы жана практикадагы абалы терең изилденип, аны жакшыртуунун ык-жолдору иштелип чыкса;

**Г** – теориялык негизде терең изилденсе.

Алынган жыйынтыктын негизинде байланыштуу кептин теориядагы жана практикадагы абалы терең изилденип, аны жакшыртуунун ык-жолдору иштелип чыкса деп эсептеген мугалимдер 39,4% болуп, дээрлик көпчүлүгү ушул ойду колдоору аныкталды. Ошол эле учурда окуу куралдары өнүктүрүлүп жакшыртылса деген пикирди колдогон мугалимдер да 29,5%ды түзүшкөн. Ал эми алынган теориялык материалдарды практикада айкалыштырса деп эсептегендер 17,3%ды, теориялык негизде терең иликтенсе дегендер 13,8%ды камтышты.

Демек, жалпы билим берүүчү орто мектептерде кыргыз тилин өзүнчө предмет катары окутуунун методикасы илиминде эне тилди окутуудагы байланыштуу кепти окутуунун мааниси, орду жана ролу чоң экендиги, анын теориядагы жана практикадагы абалы терең изилденип, байланыштуу кепти окутууга артыкчылыктуу маани берүү жана аны жакшыртуунун ык-жолдорун иштеп чыгууну активдештирүү зарыл деп эсептейбиз.

Анкетанын төртүнчү суроосу төмөндөгүдөй болду:

4. Байланыштуу кепти окутууда сиз туш болуп жаткан башкы кыйынчылыктар кайсылар?

а) окутуу боюнча методикалык колдонмолордун, методикалык жардамдардын жетишсиздиги;

б) мугалимдер теманы тереңирээк үйрөнүшү үчүн теориялык материалдардын жетишсиздиги;

в) практикалык көнүгүүлөрдүн, бышыктоо материалдарынын жетишсиздиги;

г) окуу программа менен окуу китебинин дал келбестиги.

Сурамжылоонун жыйынтыгы 5-диаграммада көрсөтүлдү.




**Кыскартуулар:**

**А** – окутуу боюнча методикалык колдонмолордун, методикалык жардамдардын жетишсиздиги;

**Б** – мугалимдер теманы тереңирээк үйрөнүшү үчүн теориялык материалдардын жетишсиздиги;

**В** – практикалык көнүгүүлөрдүн, бышыктоо материалдарынын жетишсиздиги;

**Г** – окуу программа менен окуу китебинин дал келбестиги.

Анкета жүргүзүүнүн жыйынтыктары окутуу боюнча методикалык колдонмолордун, методикалык жардамдардын жетишсиздигин аныктады. Бул пикирди колдогондор жалпы мугалимдердин 27,5%ын түздү. Окуу программа менен окуу китебинин дал келбестиги да чоң көйгөйлүү маселе экендигин мугалимдердин 26,8%ы белгилешти. Ошол эле учурда теманы тереңирээк үйрөнүш үчүн теориялык материалдардын жетишсиздигин мугалимдердин 23,8%, практикалык көнүгүүлөрдүн, бышыктоо материалдарынын жетишсиздигин мугалимдердин 21,9% үлүшү далилдеди.

Мындан улам келечекте байланыштуу кепти окутууда көптөгөн чечиле элек маселелердин бар экендиги жана аларды чечүү зарыл экендиги көрүндү.

Анкетанын бешинчи суроосу төмөндөгүдөй болду:

5. Бул бөлүмдү окутууда сиз илимий-методикалык эмгектерди пайдаланасызбы?


а) дайыма колдоном;

б) мезгил-мезгили менен колдоном;

в) колдонор элем, бирок колдо жок;

г) колдонбойм.

Изилдөөнүн жыйынтыгы 6-диаграммада көрсөтүлгөн.




**Кыскартуулар:**

**А** – дайыма колдоном;

**Б** – мезгил-мезгили менен колдоно;

**В** – колдонор элем, бирок колдо жок;

**Г** – колдонбойм.

Акыркы жылдарда республикада орто мектептердин мугалимдери үчүн методикалык көрсөтмөлөр, колдонмолор басылып чыгарылбай калды. Ошого карабастан, анкета жүргүзүүдө мугалимдердин көпчүлүгү методикалык колдонмолорду колдоно тургандыгын көрсөттү. Нарын районунун жана Нарын шаарынын кыргыз тили мугалимдеринин 48%га жакыны байланыштуу кеп боюнча колдонмолор көбүрөөк басылып чыгарылса, аларды окуу процессинде колдоно тургандыгын билдиришти. Окуу-методикалык көрсөтмөлөрдү даярдоо маселесин региондордогу жогорку окуу жайларында инновациялык борборлорду ачуу менен чечүүгө болот деген сунушту айтар элек.

Нарын районундагы жана Нарын шаарындагы мектептердин мугалимдеринин арасында жүргүзүлгөн эксперименттик иш-аракеттердин негизги маалыматтарын анализдөө жана аны жалпылоо төмөндөгүдөй жыйынтыкты берет:

- Кыргыз тилин окутуу системасындагы байланыштуу кептин алган орду жана маанисин дагы тактап, окутуунун алда канча алгылыктуу ык-жолдорун иштеп чыгуу зарыл деп эсептейбиз.
- Байланыштуу кепке бөлүнгөн сааттардын көлөмүн мүмкүн болушунча дагы көбөйтүү, ал гана эмес грамматиканы окутууга тиешелүү сааттарды кыскартуунун эсебинен аталган бөлүмгө саат аябоону сунуш кылар элек.
- Окуу программасы менен окуу китеби дал келип, окуу китептеринде берилген аныктама-эрежелерди жөнөкөйлөштүрүп, көнүгүүгө, машыгууга берилген материалдарды өз турмушубузга, кыргыз элибиздин турмушуна жакындаштырып, окуучулардын кызыгуусун, ойлонуусун арттырып, кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө көмөк көрсөткөн тексттерди берүүгө аракеттенүү зарыл деп эсептейбиз.
- Байланыштуу кепке байланыштуу окуу программалары, окуу китептери жана илимий-методикалык колдонмолор кайрадан иштелип чыгышы жана толукталышы зарыл деп белгилейбиз.
- Тилди, кепти жана текстти биримдикте окутуунун жана текстти окутуу аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн ык-жолдорун иштеп чыгуу пайдалуу.

Байланыштуу кепти окутууга арналган изилдөө иштери жүргүзүлүп, практикада айрым ийгиликтерге жетишилип жатканына карабастан, жалпы эле байланыштуу кепти окутууну ага болгон көз караштан, мамилелерден баштап тилди окутууга коюлган суроо-талаптарга, соңку методикалык эмгектерге таянып инновациялоо зарыл деп эсептейбиз. Инновациялоо байланыштуу кепти окутуунун максат-милдетинен, мазмунунан тартып, окутуу формасына, окутуу ык-жолдоруна жана окутуунун каражаттарына чейин комплекстүү жүргүзүлүшү талапка ылайык.